УДК.821.512.154:
DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_70

Беркмаматова А.,
К.Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик
университети,
аспирант

ЧЫНГЫЗ АЙТИАТОВДУН “КАССАНДРА ТАМГАСЫ” РОМАНЫНДАГЫ МЕЗГИЛДИН ФАНТАСТИКАЛЫК ЖАНРДА БҮГҮНКҮ КҮНДҮН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Кыскача мазмуну

Чыңгыз Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романын башталышына эпиграф катары - көзү ачык Кассандра жанүндө көөнө мифтен үзүндү жана Екклесиастын: “Экөөнүн ичинен күн астында болуп жаткан жаман иштерди көзү көрүп жашай элеги эң бактылуу” — деген айтылуу сөзу алынган. Айтматовдун прозасына, анын кат-кат катмарланган чабытуу татаал симфония тутумуна негизги тон берип турган камертон мына ушулар.Романдын идеялык унгусунда философиядагы таптакыр эки башка-экзистенциализм жана натурфилософия-агымдары эриш-аркак эрчишип уюп калгандай.Ошондогу өлбөс-өчпөс окуяда болгондой «Касандра тамгасынын» баяны мына ушинтип башталат.Падышанын көзү ачык кызы Кассандра Троя кыйраарын алдын ала кыйытып айтса,ага эч ким ишебей койгонун билүүгө болот.”Кассандра – эмбриондорунун саны тынымсыз өсүүдө жана акыр кыямат алааматы жакындап калганын энесинин курсагынан туюп,эмбрион-эсхаттын кадр артындагы уну деп эсептөөгө болот.

Түйүндүү сөздөр: *миф, фантастика, роман, сөздөн-сөз, ыйман, окуялар, аң-сезимдүүлүк, проблема, тарых, улут.*

АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОТРАЖЕНИЯ СОВРЕМЕННОСТИ В ФАНТАСТИЧЕСКОМ РОМАНЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «ТАВРО КАССАНДРЫ»

Аннотация

Эпиграф к началу романа Чынгыза Айтматова «Письмо Кассандры» представляет собой отрывок из старин-ного мифа о ясновидящей Кассандре и цитату Экклезиаста. Именно эти камертоны задают основной тон прозе Айтматова и его многослойной замысловатой симфонической системе. В идеологическом тоне романа как бы сосуществуют два совершенно разных течения в философии - экзистенциализм и натурфилософия. Так начина-ется история «Письма Кассандры», как и в бессмертной истории того времени. Если бы ясновидящая дочь царя Кассандра предсказала гибель Трои, было бы ясно, что ей никто не поверил». как мука за рамкой зародыша-эсхата.

Ключевые слова: *миф, фантастика, роман, от слова, к слову, вера, история, сознание, проблема, история, национальность.*

REFLECTION OF TOPICAL ISSUES OF MODERNITY IN THE FICTION GENRE OF THE TIME IN THE NOVEL BY CHINGIZ AITMATOV “CFSSANDRAS BRAND”

Abstract

The epigraph to the beginning of the novel «Cassandra's Brand» by Chingiz Aitmatov was an excerpt from the myth of the melon at Cassandra with open eyes and Ecclesias's words: «of the two, the happiest is when the eyes see all the bad things that happen under the sun.» It is the tuning fork that sets the main tone for Aitmatov's prose, his multi-layered, complex symphonic system. In the ideological plan of the novel, two completely different trends in philosophy-existentialism and natural philosophy-seem to merge together. Thus, begins the story of the «Cassandra's Brand», as in the immortal history of that time. Although the king's clairvoyant daughter Cassandra predicted that Troy would be destroyed, it is safe to say that no one believed her. «The number of Cassandra's embryos is constantly growing, and the approach of the Doomsday tribulation can be seen as an intuitive voice from her mother's womb, the voice of the embryo-Escheat behind the scenes.

Key words: *mif, fantasy, novel, history, consciousness, problem, from a word of words, Vera, history, national.*

Айтматов бул китебине өзү өмүр бою өжөрлүк менен изденип жүрүп келген. Жазуучу басып өткөн адабий-чыгармачыл жолго серп салсак, «Тоолор жана талаалар баянынан» тартып, ортодогу «Кылым Карытаар бир күн» менен «Кыямат» чыгармасынан терең философиялуу «Кассандра тамгасы» интеллектуалдык романына чейинки узак аралыкта кандай татаал жана машакаттуу чыгармачыл узануу процессин баштан кечиргенин көрөбүз. Эгер ачыгын айтсак, Айтматовдун «Кассандра тамгасын адегенде айрым адабиятчысынчылар менен көпчүлүк окурмандар анча жакшы кабыл алышкан эмес экендигин окууга болот. Алар аны автордун мурдагы чыгармаларына салыштырмалуу адабий-эстетикалык сапаты анча эмес жана көркөмдүк шөкөттөлүшү да тумсак туундулардын катарына кошушкан.

Албетте, азыркы дүйнөлук адабият өкүлдөрүнөн ким эле жер жүзүнде болуп жаткан антропологиялык крисистин тамырлары менен кесепеттерин Айтматовдон да өткөрө курч көрө билип, андан да ашыра терен жана керкөм андап, жалпылап жазган. Арийне, космостук Филофей кечилдин бейнеси сыяктуу бир катар жанылыктарына карабастан, окурмандардын белгилуу бир бөлу менен айрым адабий адистер романды кантсе да көркем сүрөттөп көрсөтүү кудурети жагынан баштагыларына караганда кыйла жармач абалда калган алешем чыгарма катары кабыл алышкан. Романдын идеялык унгусунда философиядагы таптакыр эки башка — экзистенциализм жана натурфилософия — агымдары эриш-аркак уюп калгандай. Абай салсаң, чыгарманын өзөгүн мындай кой, аталышынын өзүндө да — контраст. Изилдөөчү Г. Гачев «анда Айтматовдун өзүнүн интеллектуалдык-көркөм өсүп-өркүндөөсүнүн эки уюлу эриш-аркак түйүлгөнүн: «тамганы» айылдагы ар жаш бала таанырын, а бирок падышанын көзү ачык кызы Кассандра Троя кыйраарын алдын ала кыйытса, ага эч ким ишенбей койгонун билүү.— бул деген кылдат гуманитардык билимдин жана мүлдө адамзаттын ааламдык сюжеттери менен ой жоруунун орошон белгиси» экенин туура байкаган [1, 112 — б].

Уяда болгондой» «Кассандра тамгасынын баяны мына ушинтип башталат: Айтматов кайрадан классикалык чыгармага кайрылат, Идеялык — философиялык мазмуну боюнча, бул башталыш «Кыямат» менен «Кассандра тамгасын байланыштырган жип болуп саналат Экөөндө тен адамдын бүт күнөөсүн кең пейиддик менен кечирген мээримдү сүйүү: куну канчалык кымбатка турары-на карабай, ааламды сактап калуу аракети. А бирок эң кейиштүүсу прогресс дегенин езунун өзөк табияты боюнча –болбосо бут баары, эч жок деген эле нерсе да — Анда эки эле багыт бар « бири жогору, экинчиси темөн карай ара жолдо асылып кала берүү мумкүн эмес; цивилизация же өйдө есүп өркундөнүн өрун көздөй енүгөт, же туңгуюҗка тунгуюка туш болуу кыйроо кургуйга кулоо жан буткөндүн баарын жалмаган акыр кыямат башка жолу жок.

Романдын сюжеттик коллизиясы космостук монах Филофейдин азирети ыйык Рим папасына жолдогон катынын айланасында чиликнет. Жатында жатан алгачкы апталарда эле болочок өмуру болбогон бир маанимаңызсыз апурталдуу жашоо болорун сезип, ошондой эсхатологиялык коркунучтан улам жарык дүйного көз жаргысы келбей, думөктуү силнал жиберип атышкан касандоа эмориондор жонундо ал ачып чыккан теориялык жанылык бу жер жузун чан тополон дурбөлөнгө тушурөт: Кассандра эмбриондордун саны тьннымсыз өсудө. Ага себеп ааламдык ан сезимдин мээ кыртышында эгерим экстремал абалдан башы чыкпай койгон адам затынын кокуй жашоосунун акыр кыямат алааматы жакындап калганын энесинин курсагынан туюп эшиткен эмбрионэсхаттын кадр артындагы уну деп кабыл алсак болчудай. Бүгүнкү күндөгү жер шаарында күн сайын тынымсыз болуп жаткан жүрөк өйүткөн окуялар: мыкаачылык менен адам өлтүрүүлөр, улуттар аралык, уруу ичинде болуп жаткан кагылыштар, атасы баласын бакпай басып кеткендер, эр жеткен баласы атасын сабагандар, ал тургай тогуз ай омурткасы сыздап жарыкчылыкка алып келип, ак сүтүн берип чоңойткон энесине кол көтөргөндөр, атасы кызынын абийирин төгүп кордогондордун аягы качан суюлат [2, 98 — б]. Ч. Айтматов айткандай “Канткенде адам уулу адам болот? Бул кесепеттердин келип чыгышына эмне түрткү болууда? Эмне себептен мындай жат көрүнүштөр токтобой келет? Ушундай суроолор биринин артынан бири чубурат. Бул суроолорго жоопту “Кассандра тамгасы” чыгармасынан издөөнү туура көрдүм. Космостун монахы Филофей көтөрүп чыккан адамзаттык теориясын келечекти кыраакылык менен көрө билген, чынчыл, абийирдүү, илимдин өсүп-өнүгүшү үчүн күйүп — бышкан футуролог Роберт Борк акыл-эстүүлүк, сабырдуулук менен кабыл алат. Анын бул илимдеги ири ачылыштын бир түрү катары мамиле кылышы өзгөчө таасир калтырды. Ар ишке терең баа берип, кылдат талдап мамиле жасай билүүгө багыт берди. Роберт Борк адам баласын эне-ата боло турган жаштарды ыйманын, рухун тазалоого чакырды. Футуролог көктөн түшкөн Филофейдин теориясына ынанды, адамзатында болуп жаткан жана боло турган коогаландуу терс көрүнүштөрдүн башаты кайдан келерине көзү жетти. Ошондуктан аны менен түз эфирде пресс-конференция өткөрүүгө ниеттенди. Бууракандап, албуутанып жаткан адамдарды тынчытып акыл калчоого чакыргысы келди. Филофейдин ачылышын адамзат рухунун эволюциясындагы жаңы кадам катары баалаган. Бирок бул максатына жетпей акыл-эссиз жана аеосуз дүрбөлөңдүн курмандыгы болду. Эмне себептен адамдар өз кемчилигин уккусу келбейт? Аны оңдоону ойлонуп да койбойт. Бүгүнкү күндөгү жаш-кары дебей болуп жаткан ыплаcчылыктарды канткенде тизгиндейбиз. Учурда жер жүзүндө жашап жаткан 7,2 миллиард адамдын руханий дүйнөсүн ким тазалап, ынтымакка чакырат? Ансыз деле калктын санынын тездик менен өсүшүнүн аркасында адамзат жаныбарларды эсепке албаганда таза аба, суу, тамак-аш жана күйүүчү майга өтө муктаждыкта жашап келет экенбиз. Башкача айтканда, жер шаарындагы адамдын баары өз каалагандай жашашса мындай планетадан дагы бешөө керек [3, 285-б]. Бул тартыштыктарда аң-сезимдүүлүк менен мамиле жасабаган адам өздөрү менен өзү кырылып келет. Келечегибиз белгисиздиктин чеңгелинде тургандыктан, мурда жасап келген каталарды эле жакшыртуу эмес. Биз сөзсүз түрдө дагы башка нерсе табышыбыз керек. Бүгүн биз ой жүгүртүү жашоо жана карым-катнаш жолдорун өзгөртүүгө болуп көрбөгөндөй

муктаж экенбиз. Ага карабай адамдар ач көздүүлүктүн, кайдыгерликтин көрө албас ичи тарлыктын туткунунда калгандайбыз. "Кассандра тамгасы" чыгармасындагы жаш, келечекке терең ишеним менен караган Энтони Юнгердин тандаган жолу бирден бир айкын тандоо болду. Ал өтө билимдүү, адамгерчиликтүү болуу менен ишине тыңдыгы мага чоң таасир берди [4, 119 — б].

Энтони Юнгер коомдун коркунучка кептелип бара жатканын байкап, Роберт Борктун оюн колдоп жамы журтка түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө белсенип киришет. Футуролог чындык үчүн, адамдардын таанылысы келбеген абийири үчүн курман болгондон кийин да, ал буга чейинки чечкиндүү кадамынан тайбайт. Кайра чыйралып Толгонай эненин чыйырын улап тирүүчүлүк түгөнүп калбайт, жашоо үчүн, чындык үчүн дагы күрөшүүгө белсенет [5, 98-б]. Ал мага көк деңизде Ак кеме менен жалгыз сүзүп жүргөндөй элес калтырды. Ал кемеге мен да барып кошулуп адамзатты аруулукка чакырып, чындыктан тайбай каталыкты оңдой билүүгө үндөйт элем. Ал эми келечекти көрө билген футуролог биз менен кошо жүрөт. Кыргыз эли Манастын тукуму Ала-Тоосундай ар дайым ак калпагы менен аруулуктун жарчысы болуп дүйнө элдерине үлгү болоруна терең ишенем деп бутууруну туура кордум.

Адабияттар

1. *Гачев Г. Задумавшийся скиф и космический монах / Г. Гачев //Свободная мысль. — 1995. — 251-б.*
2. *Акматалиев А. Чынгыз Айтматов. Илимий публицистикалык макалалар / А. Акматалиев. — Б.: «Бийиктик», 2008. — 256-б.*
3. *Дуйшонбаев П., Дуйшонбаев М. Чынгыз Айтматовдун экологиялык этикасы / П. Дуйшобаев, М. Дуйшобаев. — Б., 2005. — 396-б.*
4. *Чынгыз Айтматов жана маданият. Макалалар жыйнагы. — Б., 1999. — 258-б.*
5. *Айтматова Ч. Тавро Крассандры / Айтматов Ч. // Философия свободного духа. — М., 1996. — 216-б.*
6. *Садыгалиева А. С. Нравственные искания героя в романе «Тавро Кассандры» / А. С. Садыгалиева // Вестник БГУ им.К.Карасаева. — 2006. — № 1. — С. 83–86.*